ЖАМУнун Окумуштуулар
кеңешинде каралып,
бекитүүгө сунушталды.
Протокол №_________
"___" "______"20___-ж

**БЕКИТЕМ**
ЖАМУнун ректору, т.и.д.,
профессор К.Ж. Усенов
______________________
"___" "____________"2024-ж

**Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кафедра башчысын шайлоонун тартиби жөнүндө жобо**

**1.Жалпы жобо**

1.1.Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кафедра башчысын шайлоо тартиби жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын, КР Өкмөтүнүн 346-жылдын 29-майындагы 2012-жылдын токтомунун, Кыргыз Республикасынын Жогорку окуу жайларынын профессордук-окутуучулук курамынын кызмат орундарын ээлөөнүн тартиби жөнүндө жобонун, КР ЖОЖдорунун кафедрасы жөнүндө жобонун, ЖАМУ кафедрасы жөнүндө жобонун жана ЖАМУнун Уставынын негизинде иштелип чыккан.

1.2. Жобо ЖАМУ кафедраларында ЖАМУ кафедра башчыларын шайлоо тартибин жөнгө салат.

1.3. ЖАМУнун кафедрасын шайлоо жолу менен шайланган жана кафедранын профессордук-окутуучулук курамына кирген кафедра башчысы жетектейт.

1.4. Кафедра башчысы, кафедранын сунушу боюнча ЖАМУнун окумуштуулар кеңешинин жыйынында конкурстук негизде (жашыруун добуш берүү менен) шайланат жана ЖАМУнун ректорунун буйругу менен 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

1.5. Кафедра башчысы окумуштуулук даражасы же окумуштуулук наамы бар, тиешелүү профилдеги жана квалификациядагы кадыр-барктуу адистердин ичинен шайланат.

1.6. Кафедраны бириктирүүдө, бөлүүдө жана жаңы уюштурулган кафедрада кафедра башчыларынын милдеттерин аткаруу ЖАМУнун ректорунун буйругу менен кафедра башчысын шайлоо белгиленген тартипте өткөрүлгөнгө чейин кафедранын жетектөөчү адистеринин бирине жүктөлөт.

**2. Кафедра башчысын шайлоону өткөрүү тартиби**

2.1. Кафедра башчысынын бош кызмат ордуна конкурс жарыялоо жөнүндө чечимди ЖОЖдун жетекчиси кабыл алат. Конкурс ректор тарабынан бекитилген графикке ылайык жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат, бул маалымат тийиштүү түзүмдүк окуу бөлүмдөрүнүн жетекчилерине, ошондой эле иштин жаңы мөөнөтүнө кайра шайланууга тийиш болгон адамдарга маалымдалат.

2.2. ЖАМУнун кафедра башчысынын бош кызмат ордун ээлөөгө конкурс жөнүндө жарыяда:

- бош кызмат орундун (кафедранын)толук аталышы;
- Конкурстун катышуучуларына коюлуучу талаптар;
- сынака катышуу үчүн керектүү документтердин тизмеси;
- документтерди берүү мөөнөтү;
- дареги, документтерди кабыл алуучу жер жана байланыш телефондору.

2.3. ЖАМУнун кафедра башчысынын бош кызмат ордун ээлөөгө конкурска катышуу үчүн төмөнкү талаптарга жооп берген талапкерлер катыша алышат::

- ЖОЖдо же тийиштүү профилдеги өндүрүштө 5 жылдан кем эмес иш стажы барлар
- кафедранын профилине жана багытына ылайык келген илимий даражасы же наамы барлар
- ЖОЖдун окуу жана уюштуруу ишинин башка түрлөрү боюнча практикалык иш тажрыйбасы барлар.

2.4. Документтерди тапшыруу мөөнөтү конкурс жөнүндө кулактандыруу жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган күндөн тартып бир айды түзөт.

2.5. Конкурска катышуу үчүн талапкерлер окумуштуу катчыга төмөнкү документтерди тапшырышат:

- ректордун атына арыз;
- кадрларды эсепке алуу боюнча толтурулган өздүк баракча сүрөтү менен;
- резюме, мүнөздөмө-мурунку иштеген жеринен (кафедрадан)сунуштама;
- жарыяланган илимий эмгектердин жана ойлоп табуулардын тизмеси, илимге кошкон салымы, ойлоп табууларга патенттер;
- нотариалдык же иштеген жериндеги кадр кызматы тарабынан күбөлөндүрүлгөн: билими, окумуштуулук наамдары жана даражалары, квалификациясын жогорулатуу жөнүндө документтердин, эмгек китепчесинин, сыйлыктарынын күбөлүктөрүнүн жана башка документтердин көчүрмөлөрү;
- кафедранын жыйынынын протоколунан көчүрмө.

2.6. Кафедра башчысынын кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүүгө укугу бар адамдар:

- университеттин ректору
- факультеттин деканы
- кафедранын жамааты
- айрым окутуучулар, кызматкерлер жана факультетте окуп жаткандар.

Башка мекемелерден, уюмдардан өзүн-өзү көрсөтүү жана талапкерлерди көрсөтүү кабыл алынат.

2.7. Талапкерлерди көрсөтүү кафедранын жыйынында каралат, отурумду факультеттин деканы же окуу иштери боюнча проректор өткөрөт. Жалпы университеттик кафедранын жыйынын ректор же анын тапшырмасы боюнча проректорлордун бири өткөрөт.

2.8. Эгерде кафедра башчысынын кызмат ордуна факультеттин деканы же проректор талапкер болсо, кафедранын жыйынын ректор же анын тапшырмасы боюнча проректорлордун бири өткөрөт.

2.9. Кафедранын жыйынында ар бир талапкер өзүнүн принциптери жана программасы менен тааныштырууга укуктуу. Эгерде кафедра башчысынын кызмат ордуна мурдагы кафедра башчысы талапкер болсо, анда кафедранын жамааты анын бул кызматта иштеген мезгилиндеги окуу, окуу-методикалык, илимий, тарбиялык иштери тууралуу отчетун уккандан кийин чечим чыгарат.

2.10. Кафедранын талапкерлерди көрсөтүү боюнча отурумуна штаттык профессордук-окутуучулук курам жана илимий-педагогикалык кызматкерлер, ошондой эле толук эмес убакытта (0,25, 0,5, жана 0,75 ставкалар) иштегендер катышат. Талапкерлерди көрсөтүү боюнча ар бир сунуш ачык добуш берүү менен кабыл алынат жана бардык талапкерлер бир жыйналышта каралат. Отурумда кафедранын жамааты тарабынан ар бир талапкер боюнча ачык добуш берүү менен корутунду кабыл алынат.

2.11. Талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө жыйындын протоколунан көчүрмө конкурска катышуу үчүн талап кылынган документтер менен кошо берилет.

2.12. Конкурска берилген документтерди алдын ала талдоо жана окумуштуулар кеңешинде кароо үчүн сунуштарды даярдоо үчүн ЖАМУнун ректору тарабынан бир окуу жылына конкурстук комиссия түзүлөт.

2.13. Конкурстук комиссиянын төрагасы болуп окуу иштери боюнча проректор эсептелет. Конкурстук комиссиянын курамына факультеттердин (түзүмдүк окуу бөлүмдөрүнүн), окуу бөлүмүнүн жана кадрлар бөлүмүнүн (катчы), ошондой эле профсоюздук жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү кирет.

2.14. Конкурстук комиссиянын чечими ар бир талапкер боюнча кыскача жүйөлүү корутундуну камтыган протокол менен таризделет жана конкурстук комиссиянын төрагасы жана катчысы тарабынан кол коюлат.

2.15. Профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарын конкурстук ээлөө боюнча шайлоо ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Жашыруун добуш берүүнүн алдында конкурстук комиссия тиешелүү сунуштары менен кафедранын корутундусун жана конкурстук комиссиянын чечимин жарыялайт. Кафедра башчысынын кызмат ордуна талапкерлер Окумуштуулар кеңешинин жыйналышына катышууга укуктуу, зарыл учурларда өз ишинин принциптери жана программасы менен тааныштырышат.

2.16. Профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурска катышкан бардык адамдардын аты-жөнү алфавиттик тартипте жашыруун добуш берүү үчүн бир бюллетенге киргизилет. Бюллетендин формасы жана тексти ЖАМУнун Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

2.17. ЖАМУнун Окумуштуулар кеңеши добуш берүүнүн алдында ачык добуш берүү менен үч адамдан кем эмес курамда эсептөө комиссиясын шайлайт. Добуш берүүгө катышкандардын добуштарын эсептөө үчүн эсептөө комиссиясы добуш берүүдөн кийин тыныгуу жарыялабастан жыйынтыктарын жарыялайт.

2.18. Эсептөө комиссиясынын протоколу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн ачык добуш берүүсү менен бекитилет жана конкурстун материалдарына тиркелет.

2.19. Университеттин администрациясы жашыруун добуш берүү үчүн зарыл болгон бардык шарттарды түзөт.

2.20. Конкурсту өткөрүүдө Окумуштуулар кеңешинин чечими, эгерде ага анын курамынын үчтөн экисинен кем эмеси катышса укуктуу деп эсептелет. Окумуштуулар кеңешинин ар бир мүчөсү жеке өзү добуш берет. Башкаларга добуш берүүгө жол берилбейт.

## 3. Кафедра башчысын шайлоонун натыйжаларын аныктоо тартиби

3.1. Жыйынга катышкан Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн жарымынан көп добушун алган талапкер шайланды деп эсептелет.

3.2. Эгерде шайлоого бир талапкер катышса жана добуштардын зарыл санын албаса, анда шайлоо болгон жок деп эсептелет.

3.3. Эгерде эки же андан көп талапкер катышкан конкурсту өткөрүүдө эч ким добуштардын жарымынан көбүн албаса, анда Окумуштуулар кеңешинин ушул эле жыйынында кайрадан добуш берүү жүргүзүлөт. Экинчи турдун бюллетенине биринчи турда көпчүлүк добуш алган эки талапкер киргизилет. Экинчи турда көпчүлүктүн добушун алганы кызмат ордуна талапкер шайланды деп эсептелет.

3.4. Эгерде конкурсту өткөрүүнүн натыйжасында коюлган талаптарга жооп берген талапкерлер аныкталбаса, ректор конкурсту кайталап өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.

3.5. Конкурстун ар бир катышуучусуна конкурстун жыйынтыгы ал аяктаган күндөн тартып бир айдын ичинде жазуу жүзүндө билдирилет.

3.6. Конкурстун жыйынтыгы боюнча чечимдер ректордун буйругу менен таризделет. Буйруктун көчүрмөсү тиешелүү кызмат ордуна шайланган адамга тапшырылат.

**4. Кафедра башчысы менен келишимди мөөнөтүнөн мурда токтотуу үчүн негиздер**

4.1. Кафедра башчысы кафедра жетекчилиги боюнча өз милдеттерин канааттандыраарлык эмес аткаргандыгына байланыштуу ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен ээлеген кызматынан бошотулушу мүмкүн.

4.2. Бул ишти улантууга туура келбеген адеп-ахлаксыз жосундарды жасагандыгы үчүн ЖАМУнун ректорунун буйругу менен профсоюз уюмунун же ЖАМУнун эмгек жамаатынын кеңешинин макулдугу менен ээлеген кызматынан бошотулат.

4.3. Кафедра башчысы ээлеген кызматынан өз каалоосу боюнча же башка себептер боюнча (оорусу, жашаган жерин алмаштыруу, башка жумушка которуу) бошотулат.

Которгон
Тынымбекова К.Т.